ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА № 12, 2018

*Мамашарип кызы Б.*

# БАЛАНЫН КАЛЫПТАНЫШЫНА ҮЙ-БҮЛӨНҮН ТААСИРИ

*Мамашарип кызы Б.*

# ВЛИЯНИЕ СЕМЬИ НА РАЗВИТИЕ РЕБЕНКА

*Mamasharip kyzy B.*

# INFLUENCE OF FAMILY ON THE DEVELOPMENT OF A CHILD

*УДК: 347.625 / 378.159*

*Бул макалада ата-эненин келечеги болгон баланын калыптанышы, ага үй-бүлөнүн ички факторлорунун тийгизген таасирлери, жүрүм-турум эрежелеринин мазмуну жөнүндө маселелер каралат. Бул дүйнөдө адам баласынын жашоосундагы олуттуу окуяларга үйлөнүү, баланын төрөлүшү, тарбиялоо кирет. Үйрөнүү жана үйрөтүү үчүн эң ылайыктуу жер бакубат жашаган үй бүлө болуп саналат. Дин, тил, үрп-адат, тарбия үй бүлө аркылуу кийинки урпактарга өткөрүлөт. Жакшылап көз чаптырып көрсөк, улуттар мына ушул жерден өнүгөт же болбосо түп тамыры менен чирип жок болот. Ошондуктан, үй-бүлөнүн ынтымагын бекемдеп жана бактылуу абалга алып келе турган бардык иш-аракеттерге маани берип карашыбыз маанилүү. Бүгүнкү үй-бүлөнүн милдеттери менен көйгөйлөрүн терең аңдап түшүнүү максатында тарыхка кыскача экскурс жасайбыз, ал үчүн байыркы замандан бүгүнкү күнгө чейинки үй-бүлөөгө болгон көз караштар менен концепциялар иликтөөгө алынат.*

***Негизги сөздөр:*** *бала, үй-бүлө, ата-эне, тарбия, үрп адат, милдеттери, максат, ынтымак.*

*В статье рассматриваются вопросы о формировании будущего ребенка, влиянии на него внутренних факторов семьи, содержании правил поведения. К важным событиям в жизни человека в этом мире относятся брак, рождение ребенка, воспитание. Наиболее подходящим местом для обучения является благополучно проживающая семья. Религия, язык, традиции, воспитание передаются через семью следующим поколениям. Если внимательно посмотреть, то нация будет развиваться здесь, либо полностью исчезать. Поэтому важно относиться ко всем действиям, которые укрепляют стремление семьи и приводят ее в счастливое состояние. В целях глубокого понимания задач и проблем современной семьи делаем краткий экскурс в историю, для чего изучаются концепции и взгляды на семью с древнейших времен до наших дней.*

***Ключевые слова****: ребенок, семья, родители, воспитание, традиции, обязанности, цель, гармония.*

*The article deals with the formation of the future child, the influence of internal factors of the family, the content of the rules of behavior. Important events in a person's life in this world include marriage, birth of a child, upbringing. The most suitable place to study is a family living well. Religion, language, traditions, education are passed through the family to the next generations. If you look closely, the nation will develop here, or disappear completely. Therefore, it is important to treat all actions that strengthen the desire of the family and bring it into a happy state. In order to gain a deep understanding of the tasks and problems of the modern family, we make a brief excursion into history, for which we study the concepts and views of the family from ancient times to the present day.*

***Key words:*** *child, family, parents, upbringing, traditions, duties, purpose, harmony.*

Үй-бүлөнүн негизги тутумун, жогорку класстардагы үй-бүлө куруугa даярдоо маселелерин жана жаш үй-бүлөлөрдүн көйгөйлөрүн, үй бүлөлүк тарбиянын мазмуну багыттарын талдайт. Үй-бүлөлөрдүн бирибиринен болгон негизги айырмачылык-белгилерин илимпоз тарабынан системага салынышы көңүл буруугa арзыйт. Аларга В.Постовий төмөнкүлөрдү киргизет: үй бүлөнүн курамы, түзүлүшү; үй-бүлөдөгү башчылык тиби; үй бүлөлүк турмуш, үй-бүлөлүк түзүм; социалдык курамдын бир тукумдан экендиги (же бир тукумдан эместиги); үй-бүлөлүк тажырыйба; үй-бүлөдөгү мамилелердин жана чөйрөнүн сапаты; географиялык белги; керектөө жүрүш-туруштун тиби, үй-бүлөлүк турмуштун өзгөчө шарттары.

Атайын адабияттарга таянып, жеткинчекти туура тарбиялоо үй-бүлөдөгү мамиледен көз каранды деген бүтүмгө келүүгө болот, анткени тарбиянын негизи дал ушул жерде түптөлөт. Балага үй-бүлөнүн таасири эки багытта тиет. Биринчиден, бул максаттуу таасир, б.а. ата-энелер өздөрүнүн алдына кандайдыр бир конкреттүү максатты коюшат (эпчилдикке, көндүмгө үйрөтүү, белгилүү сапаттарды калыптандыруу, жаман жоругу үчүн жазалоо, сыйлоо ж.б.) жана ушуга ылайык бала менен мамиле түзөт, тарбиянын тигил же бул ыкмаларын, ыктарын колдонот. Бирок бул уюштурулган тарбиядан бөлөк да бала үй-бүлөдө жашап жатып анын (үй-бүлөнүн) түздөн-түз таасирин ата-энеси менен өзүнүн мамилеси, алардын бирибири менен болгон мамилеси, үй бүлөлүк турмуш, үй бүлөлүк салт аркылуу сезет. Ушул негизги аспект болуп саналат. Анткени бала төрөлгөндөн баштап белгилүү бир карым-катнаштардын чөйрөсүндө жашайт, алардын таасирин туюп сезет, өзгөчөлүктөрүн өзүнө сиңирет. Анын толук кандуу өсүшүнүн негизги шарты – пикир алышуу, чоңдор менен мамиле түзүү, анткени ушул жол менен гана белгилүү жүрүм турум

эрежелерин жана нормаларын өздөштүрүп, өзүнө керектүү билим алганга, белгилүү көндүм, эптүүлүктөрдү үйрөнгөнгө мүмкүнчүлүк алат. Андыктан тарбиянын ийгилиги ата-энеси бала менен кантип сүйлөшөт, кантип эркелетет же жазалайт ошого жараша болот.

Анткени ата-энеси менен үй бүлөнүн башка чоң мүчөлөрү баланын өмүрүндө маанилу роль ойногон биринчи социалдык чөйрөсүн түзүшөт.

Ушуга байланыштуу үй бүлөнүн тарбиялык потенциалы деген түшүнүктү карап көрү манилүүдөй туюлат, себеби үй бүлөдөгү тарбиялык функциянын аткарылышы бир кыйла деңгээлде ушул түшүнүккө баш ийет. Тарбиялык потенциал үй бүлөнүн педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн аныктоочу каражаттар менен шарттардын комплексин түшүндүрөт. Бул комплекс үй-бүлөнүн курамын жана мүчөлөрүнүн санын, материалдык жана тиричилик шарттарын, үй-бүлөлүк жамааттын жаш курагын жана алардын ортосундагы мамилелерди өзүнө камтыйт. Ал ошондой эле идеялык-ыймандык, эмоционалдык-психологиялык жана эмгек чөйрөсүн, турмуштук тажрыйбаны, билимди, ата-энелердин жалпы маданияты менен кесиптик жөндөмдөрүн өз ичине алат.

Бала төрөлгөн күндөн баштап өмүр бою үй-бүлөнүн таасирин сезет. Ошондуктан инсандын жетилүүсүндө үй-бүлөлүк тарбиянын үзгүлтүксүздүгү жана узактыгы манилүү фактор экендиги мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Демек, биз көрсөткөн инсандын өсүшүнө таасир берүүчү үй бүлөнүн тарбия потенциясынын эң манилүү факторлорунун бири бир нече себептер менен шартталат, алардын негизгилери төмөнкүлөр.

**Биринчиден,** үй-бүлө бала үчүн ар түрдүү маалыматтардын алгачкы булагы болуп саналат, дал ушул үй бүлөдө ошол сезимдердин, нормалар менен баалуулуктардын, көз караштар менен түшүнүктөр түптөлөт жана «кийин алар бирөөлөрдүн турпатына, экинчилеринин башат-булагына артыкчылык берилген маалыматтарды тандоонун чен-өлчөмүнө айланат».

**Экинчиден,** так ушул үй-бүлөдө ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрү балага эң биринчи көнүмүш адат болот. Мында балдарды үй бүлөнүн тиричиликтик чарбалык, тарбиялык иш аракетерине аралаштырууга объективдүү мүмкүнчүлүк бар**.**

**Үчүнчүдөн**, баланын инсан катары калыптанышына ата-энелердин жеке өрнөгүнүн мааниси чоң.

**Төртүнчүдөн,** үй бүлөнүн калыптанып жаткан инсанга таасири баланын эмоциясы менен интеллектисин кучагына алат, ал таасир абдан интенсивдүү, сырдана жана кайталангыс уникалдуу микроклимат менен чулгангандыктан, таасирдин узакка созулуучулугун жана бекемдигин шарттайт. Ал таасир ата-энелердин сезимине негизделген, ал балдарга болгон ата-энелик чексиз мээрим жана балдардан кайткан сезим менен туюндурулат.

**Бешинчиден,** башка эч бир коомдук тарбия институттары менен салыштырууга болбой турган үй-бүлөлүк тарбиялык таасирдин узактыгы, үзгүлтүксүздүгү, көп кырдуулугу. Бул фактордун күчү жана туруктуулугу ата-энелердин жана башка үй бүлө мүчөлөрүнүн турмуштук ар түрдүү кырдаалдарда балдарга тарбиялык таасир этүү мүмкүнчүлүгүнүн узактыгы, түбөлүктүүлүгү жана күн сайын кайталануусу менен аныкталат.

Ар бир үй-бүлөдө карым-катнаштын белгилүү тиби түзүлөт жана ошого ылайык балага таасир көрсөтүүнүн ыкмалары иштелип чыгат, анын чондор менен баарлашуусу жүрөт. Үй-бүлөнүн комуникативдик функциясынын эн чон мааниси ушунда. Маселен, окумуштуу И.Гребенников бул функциядан момундай компоненттерди болот: үй-бүлө мүчөлөрүнүн массалык маалымат каражаттары (теле, радио, мезгилдүү басма сөз), адабият жана искусство менен болгон байланышында үй бүлөнүн ортомчулугу; үй-бүлөнүн өз мүчөлөрүнүн курчап турган чөйрө менен болгон ар тараптуу байланышына жана чөйрөнүн тарбиясынын мүнөзүнө тийгизген таасири; ич ара үй-бүлөлүк баарлашууну уюштуруусу.

Эгер үй-бүлө ушул функциялардын аткарылышына жетишээрлик көнүл бурса, анда анын тарбиялык потенциалы күчөйт. Көбүнчө коммуникативдик функцияны үй бүлөдө психологиялык климаты жаратуучу ишмердүүлүк менен байланыштырышат. Ар бир үй-бүлөгө белгилүү деңгээлде руханийлик таандык. Ал канчалык бийик болсо, ошончолук үй-бүлөнүн ынтымагына, өз мүчөлөрүнүн маданий талаптарын канааттандырууга, шык жөндөмдөрүн өстүрүүгө, балдарды ийгиликтүү тарбиялоого негиз бар. Үй-бүлөнүн рухий баалуулуктарын эң биринчи ыймандык тиректер, психологиялык климат, үй-бүлөнүн ич ара жана курчап турган дүйнө менен баарлашуусу, маалымат каражаттары, адабият жана искусство менен байланышы, тиричилик эстетикасы, тарбия потенциалы, интеллектуалдык умтулуулары кирет. Бул туурасында окумуштуу И.Гребнников минтип жазган: «Балдардын ата-энеси жана чоң кишилер менен болгон чыныгы рухий жакындыгы – бул ушундай мамиле, чоң киши балага жан дүйнөсүнүн эң ыйык байлыктарын берет, ордуна эч нерсе сурабастан чын дили менен берет, а бала болсо жакшы нерселердин баарысын өзүнө сиңирет, ошону менен бирге өз учурунда ал дагы шыпалуу тунук эмоциясы менен чон кишинин ички дүйнөсүн тазартат, ага куулук-шумдугу жок жан дүйнөсүнүн сырларын ачат. Үй-бүлөдөгү дал ушул ич ара мыкты мамилелер инсандын ар тараптуу калыптанышына он таасиринтийгизет».

Үй-бүлөдөгү ич ара баарлашуунун спецификасы эң мурда үй бүлөлүк мамилелердин көп аспекттүүлүгү, үй-бүлөнүн курчап турган чөйрө менен байланыштарын ар түрдүүлүгү, анын бул таасирлерди кабыл алуу өзгөчөлүгү менен шартталат.

Үй-бүлө бул баланын тигил же бул нерселерге балалык артыкчылык берүүсүнүн, жактоосунун, мүдөөлөрүнүн, кызыкчылыктарынын калыптануусундагы эн биринчи жана бир кыйла табигый чөйрө, ал жеткинчектин инсанынын калыптанышына манилүү роль ойнойт.

Ошентип, психологиялык климат үй-бүлөнүн ыймандык баалуулуктары менен жуурулушуп, үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз ара мамилесинин сапатынын көрсөткүчү болуп саналат. Ошон үчүн аны көбүнчө үй-бүлөдөгү жашоо стилинин биримдигин, андагы мамилелердин мүнөзүн эске алышып, адеп-ахлахтык- психологиялык климат деп аташат. Психологиялык климат такыр өзгөрбөй турган нерсе эмес; ал үй-бүлө мүчөлөрүнүн күч аракетинен жаралат жана кандай болоору аларга көз каранды.

**Адабияттар:**


1. Муратбекова С.М., Ибраимов Р.Т. Семейное право. - Бишкек, 2010.
2. Нечаева А.М. Семейное право: актуальные проблемы теории и практики. - М.: Юрайт-Издат, 2007.
3. Кыргызстанда баланын укугу: реалдуулук жана келечек. - Бишкек, 1998. - 4-б.
4. Кыргызстан элинин демократиялык кодекси. - Бишкек, 2003. - 38-б.
5. Балдардын укугун коргоо жөнүндө Конвенциясы 5-б.
6. Гребенников И. Психология. - М., 2009.


**Рецензент: к.ю.н. Нарматов Х.Б.**